# АТА - ЭНЕЛЕРИ

ТУЛПАР ӨТСӨ, ТУЯКТАН ИЗ КАЛАТ.

АТА-ЭНЕНИН АЛКООСУНА ТАТЫБАЙ ТУРУП, ЭЧ КИМ ЧЫНЫГЫ АДАМ БОЛО АЛБАЙТ.

АР БИР ЖАРАНДЫН МИЛДЕТИ, КЫРГЫЗДЫН КААДА-САЛТТАРЫН, НАСААТ-НАСИЛДЕРИН, ҮРП-АДАТТАРЫН КИЙИНКИ МУУНДАРГА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ.


Азар ата.

**Азар ата** (1868-1946) өз мезгилинде олбурлуу, тайманбас, балбан адам болуп, бир топ аты чыгып элге жакшы таанымал эле.

Далил катары бир-эки мисал. Ошол кездерде Ананьево айлына көп орустар, революцияга чейин эле, көчүп келип отурукташып калышкан. Алардын жаштары, тоо этегинде жайгашкан Көк-Дөбө, Карал-Дөбө, Байсорун деген айылдардан ылдый, жакага түшүшкөн кыргыздарды анда-санда тоноп, кээде колдору тийген учурлар деле болуп калчу экен. Бир жолу, ошону угуп билип жүргөн Азар ата, бир топ орустар аара, балталарын алып тоону көздөй отунга баратышканын байкап калат. Анан, *“Силердин кыйын экениңерди көрөйүн”* - деп, мылтыгын алып атын минип алдынан тосуп чыгып, алдыларын алдын көздөй ок чыгарып жолун тороптур.

*“Айтканымды аткарбаганды атып салам”* – деп, аларды Көк-Дөбө айлынын четине айдап келип, картөшкөгө демиш болупороо каздырган экен. Ал кылыгын уккан айылдын аксакалдары чогулуп келип:

-*“Орустар менен чоң жанжал чыгып кетпесин, бир*

*ачууңду бизге бер"* - дешип, орустарды кое бердиришкен экен. Бирок, ошондон кийин, Ананьеволук орустар, тоо этегинен түшкөн кыргыздарга тийишкендерин токтотушкан экен.

Ошол, жыйырманчы кылымдын 20 – 30чу жылдары, тоо этегиндеги кыргыз айылдарда жашаган жергиликтүү элге караганда, түз жакшы жерге отурукташкан орус калкынын турмуштары бир топ эле тың болуп калган. Жем-чөптү толугураак даярдашып, мал-жандары дагы көбүрөөк эле. Тамак-аштан кыйналып жүргөн айылдаштарына боору ооруган Азар бир жолу түн ичинде, Байсоорун айылынын четинде жүргөн бодо малдын арасынан, үч семиз буканы Көк-Дөбөгө айдап келип, короосунан сойюп, түнү менен айылдаштарына таратып берип, кан-терилерин таппагандай кылып көмүп салат.

Эртең менен малын таппай калган орустар, *"Муну алса, Азар эле алышы мүмкүн"* - деп, Азардын үйүнө келишет. *"Мен алсам короодон таап алгыла"* – деп аларды короосуна кийрет. Алар кирип эч бир жигин таппай, колдорун куушуруп кайра кетишет. Ушинтип, айылдаштарынын камы үчүн, өз жанына дагы карачу эмес экен.

Дагы бир жолкусунда, Азар ата айылда жүрүп минтип угуп калат, *"Баягы мал уурулук жагынан аты чыгып, көлдүн күнгөй тарабынын элинин үшүн алып жүргөн Кара Бокош, айылдын бир топ малын айдап кетиптир"* – деп. Бул кишинин кылыктарын мурда эле угуп, бир жолуксам деп жүргөн Азар ата, тезинен атын минип, анын изине түшөт. Ошентип, көп өтпөй аны Кес-Сеңир деген жерден кууп жетет. Анан: -*"Элди коркутуп, тоноп*

*жүргөн сенсиңби"* – деп, экөө кармаша кетишет, баягы зөөкүр жеңилип баратканда кончунан бычагып алып чыгат,  Азар ата бычакты жулуп алайын деп кармаганда, мизинен кармап калыптыр, бирок ошондо да кое бербей, бычагын тартып алууга үлгүрүп, аны колго түшүрүп Көк-Дөбө айлына алып келип, малын уурдаткандардын алдына салат. Ошондо, тиги жеңилгенин мойнуна алып, каракчылыгын токтоткон экен. Ошол кармашта, Азар атанын чыпалагы менен аты жок манжаларынын тамырын бычактын мизи тилип кетип колу тырык бойдон калат.

Мындай, элге пайдасы тийген окуялар, иштери көп эле болгон деп, айылдын аксакалдары эскерип калышчу.

**Азар ата** чоңоюп бойго жетип калганда **Алым кызы Бүбүканга** үйлөнөт, андан Жапар, Канышай аттуу бир кыз, бир уулдуу болот. Ошол кездерде үркүн болуп, эл менен бирге Азар ата менен Бүбүкан эне дагы кытай тарапка барышып, кийин кайра келе жатышканда, бийик ашуулардын биринен Бүбүкан эне түтөк болуп каза болуп калат. Андан калган балдары, Жапар чоңоюп калган кезде, тең туштары менен ойноп атып чоң сууга агып кетип, эки күндөн кийин денеси табылып жерге берилет. Кызы Канышай болсо, чоңоюп бойго жетип Карал-Дөбө айлына турмушка чыгат. Бирок, балалуу боло элегинде атка минип атканда, этеги шамалда желбиреп кетип, ат үркүп ала качат, ошентип, Канышай аттан жыгылып ал дагы каза болуп калат.

**Азар ата** Бүбүкан энеден кийин **Калча кызы Адыканга** (1873-1972) үйлөнөт. Бул эне дагы, атабыздай



Адыкан эне.

олбурлуу, абдан акылдуу байбиче болуптур, бирок экөө балалуу боло алышбаптыр. Муну байкап, ойлоно жүргөн агасы **Жанузак**, жайлоодо жүрүп келип инисине кеп кылган экен:

-*“Ушинтип бала көрбөй өтүп кетесиңби, мындай болбойтко, мисалы, Челек жайлоосунда Нуртай деген казактын бойго жетип калган кызы бар экен, ошону бир байкап келчи”* –дейт. Агасынын сөзүн эки кылбай, Челек жайлоосуна барып кызды көрүп жактырып калат. Анан кыздын атасына жолугуп, четин чыгарып сөз кылса, Нуртай айткан экен:

-*“Кызым али жаш (14-тө экен), сен болсоң элүүдөн ашып калыптырсың, үйүңдөгү бүркүттөй болгон байбичең, менин күйкөдөй болгон кызымды эки чайнап бир жутуп коет ко, башка эле өзүңө ылайыктуулардан караштырчы”* – деп.

Кыз абдан татынакай болгондуктан, Азар ата аябай жактырып калат. Айылына келгенден кийин бир топко чейин көп сүйлөбөй, ойлуу жүрөт. Анан, бир күнү курал жарактарын даярдап, бир-эки жолдоштору менен тымызын сүйлөшө баштайт. Булардын баарын байкап жүргөн Адыкан эне, болуп аткан окуялардын баарын эчак эле билип, түшүнүп, *“Бул эми ойлогон оюнан кайтпайт, казактар менен кырылышып кетпегей эле”* - деп ойлоп, абышкасына кайрылып:

- *“Мен сенин оюңду билип атам, каршылыгым жок,*

*бирок жанжал чыкпагай эле деп чоочулап турам, тилимди алсаң мен ал казактарга барып сүйлөшүп келейин”* – дейт. Азар ата бир аз ойлонуп макулдугун берет.

Адыкан эне атка минип алып Челек жайлоосуна барып, баягы казактын боз үйүнө түшөт. Ал-акыбалды сурашкандан кийин, келгенинин чоо-жайын түшүндүрүп айтат:

*–“Ооба, менин абышкам элүүдөн ашып калды, Кудай бизге перзенттерден буюрбаптыр, балалуу боло албай калдык, ал эми көздөгөнүнө жетмейинче тынчыбайт. Бул маселени чечүү үчүн, күч колдонсо дагы же ары, же бери болуусу абзел. Ошондуктан кызыңарды мага бергиле, мен өз кызымдай кылып багып алайын, анан бир-эки жылдан кийин, бойго жеткенде, кадимкидей каада-салтыбыз менен Азикеге баш коштуруп үйлөнтөйүн”* – дейт.



*Ажаркан эне.*

Нуртай мурунтан Азарды эле эмес, укум-тукумдары жөнүндө угуп, алардын жээк-жааттары жакшы, тың экендиктерин угуп-билип жүргөндүктөн, аялы менен акылдашкандан соң макулдугун берет.

Ошентип, Адыкан эне Челек жайлоосунда бир нече күн меймандап, аягында Нуртайдын он төрттөгү Ажаркан аттуу кызын алып Көк-Дөбөгө келет. Адыкан казактарга берген убадасын бекем сактап, **Ажарканды** (1906-1989) эки жыл кызындай кылып багып, баралына келип, бойго жеткенде, 1922-жылы Азарга никесин кыйдырып

баш коштурат.

Кийин, Азар ата Ажаркан энеден он бала көрөт. Алардын баары, төрт уул, алты кыз, эрезеге жетип чоңоюшуп, балалуу-чакалуу болушат (Жумадылдан башкасы). Балдарынын баары тың, эстүү болуп, ар кайсы тармак боюнча жогорку билим алышып, үзүрлүү эмгектенишет. Булардын баарына, дээрлик Адыкан эненин берген таалим-тарбиясы зор эле. Балдары эле эмес, Адыкан эненин тарбиясын, улуу неберелери дагы, жылуу сөздөр менен эскеришет.




Биринчи катарда: *Мамат, Самат, Намат.*
Экинчи катарда: *Мария, Римма, Адыкан, Зарылкан, Ажаркан.*
Үчүнчү катарда: *Уулбүбү, Канат, Зоя, Зайнаш, Жумабай, ?, ?, Элмира, Какиль, ?, ?.*Төртүнчү катарда: *Майраш, Муса, Дүйшөбек. 1966-ж.*